

**«Мыкты илимий макала» номинациясында 2-орун - «Маданий империализмдин көтөрүлүшү жана кыйрашы: тарыхый жана сынчыл сереп» – автор Шербол Жапаралиев, PhD доктору, улук окутуучусу, Ош мамлекеттик университетинин.** Макаланын кычкача мазмуну: Макалада маданий империализм концепциясына тарыхый-аналитикалык сереп берилип, колониализм доорунан азыркы учурга чейинки анын калыптанышынын негизги этаптары каралат. Авторлор батыш изилдөөчүлөрүнүн 1960-жылдардан берки иштерин, анын ичинде маданияттар ортосундагы маалымат алмашуунун бирдей эмес шарттарына маркстик көз карашты карап чыгып, маданий мамилелерде экономикалык факторлордун ролун баса белгилешет. Маданий империализмдин азыркы кездеги көрүнүштөрүнө жана үчүнчү дүйнө өлкөлөрүнүн экономикалык өсүшүнүн дүйнөлүк маданий процесстерге тийгизген таасирине өзгөчө көңүл бурулат.

Жапаралиев Шербол 1991-жылдын 19-декабрында туулган. Жапаралиев Шербол медиа изилдөөлөрү тармагында окумуштуу жана эксперт, массалык коммуникациялар жана медиа изилдөөлөрү тармагында PhD доктору. Ош мамлекеттик университетинин Журналистика кафедрасынын улук окутуучусу, ошол эле учурда «ОшМУнун Жарчысы» илимий журналынын жооптуу редактору. Жапаралиев Шербол 2020-жылы Анадолу университетинде (Түркия) «Эл аралык жаңылыктардагы саясий тараптуулук: CNN, Russia Today жана TRT World мисалдарында» аттуу темада докторлук диссертациясын (PhD) жактаган. Кыргыз, орус, англис жана түрк тилдеринде эркин сүйлөйт. Ал академиялык ишмердүүлүккө жигердүү катышып, анын ичинде абройлуу журналдарда макалаларды жарыялап, эл аралык конференцияларга катышып жана ар кандай семинарларда жана коомдук лекцияларда тажрыйбасы менен бөлүшүп турат.[1]

https://www.facebook.com/share/1AKyY9xHiR/

[1] *Сынакка катышкан учурдагы маалыматтар